DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2019

*Эшмамбетова Н.*

# КЫРГЫЗ РОМАНДАРЫНДА ТАРЫХЫЙ ЧЫНДЫКТЫ КӨРКӨМ ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛООНУН АЛГАЧКЫ СААМАЛЫКТАРЫ

*Эшмамбетова Н.*

# ИСТОКИ ХУДОЖЕСТВЕННОЙ ИНТЕРПРЕТАЦИИ ИСТОРИЧЕСКОЙ РЕАЛЬНОСТИ В КЫРГЫЗСКИХ РОМАНАХ

*N. Eshmambetova*

# THE ORIGINS OF ARTISTIC INTERPRETATION OF HISTORICAL REALITY IN KYRGYZ NOVELS

*УДК: 821.111:82.09 (575.2)*

*Макалада кыргыз адабиятында пайда болгон алгачкы романдарда тарыхый чындыктын көркөм интерпретациялаңышы кепке алынат. Бул жанрга биринчи кайрылган кыргыз жазуучулары совет бийлигинин адабиятка жүктөгөн тапшырмаларын аткаруу максатында эгерим улуттук адабиятта кездешпеген жанрдык түрдү колдонууда башка улуттарда кездешкен үлгүлөрүн чыгармачылык менен өздөштүрүү себептери жана жолдорун издөөгө жол ачкан. Кыргыз адабиятында жазылган биринчи романдарда эле тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо жумуштары башталган болсо да, ал ошол алгачкы аракетинде көздөгөн ийгиликтерин берген эмес. Макалада анын жаралыш себептери, кыргыз элинин тарыхый түзүлүштүн ролун аныктоодо көркөм интерпретациянын ролу жана эволюциялык жол менен улам кийинки романдарда алга жылып турганы белгиленет.*

***Негизги сөздөр:** тарыхый роман, жанр, көркөм интерпретация, тарыхый элес, көркөм кабылдоо, көркөм чындык, тарыхый маалымат.*

*В статье рассматриваются истоки художественной интерпретации исторической реальности в первых романах кыргызской литературы. Кыргызские писатели, выполняя литературную задачу советской власти творчески осваивали образцы этого жанра других национальностей. Хотя в первых кыргызских романах использовались интерпретация художественной действительности, это не имело успеха. В статье указаны причины его появления, роль художественной интерпретации в определении исторической жизни кыргызского народа и ее эволюции в следующих кыргызских романах.*

***Ключевые слова:** исторический роман, жанр, художественная интерпретация, исторический образ, художественное восприятие, художественная правда, историческая информация.*

*The article examines the origins of the artistic interpretation of historical reality in the first novels of Kyrgyz literature. Kyrgyz writers, fulfilling the literary task of the Soviet regime, creatively mastered the samples of this genre of other nationalities. Although the first Kyrgyz novels used the interpretation of artistic reality, this was not successful. The article indicates the reasons for its appearance, the role of artistic interpretation in defining the historical life of the Kyrgyz people and its evolution in the following Kyrgyz novels.*

***Key words:** historical novel, genre, artistic interpretation, historical image, artistic perception, artistic truth, historical information.*

Кыргыз адабиятында башка жанрларындай эле романдын ичинде тарыхый роман жанрынын баскан жолун аныктоочу эволюциясы бар экендиги талашсыз. Анын ичинде тарыхый роман жанрынын кыргыз адабиятында калыптануусунда тарыхый чындыкты көркөм жалпылаштыруу проблемасы башкы орундардын биринде турат. Ал роман жанрын жазууга ниет кылган жазуучулардын чыгармачылыгындагы өнүгүштү да көрсөтө алат. Анткени роман жанрынын ички табиятын үйрөнүү жаңыдан кат-сабаты жоюлган жаштардын колуна калем алуусунан эле шыр баштала калбагандыгы анык. Тагыраак айтканда өтө көлөмдүү чыгарма жазууга ниеттенген жазуучулардын кимиси болбосун колуна калем алганда эмнени кантип жазуу керектигин даана түшүнө бербегенин XX кылымдын 30-жылдарындагы адабий процесс ырастайт. Көркөм адабиятка жаңыдан киришип, реалдуу турмуш чындыгын көркөм сүрөттөө маселесин ичкериден кабылдай баштаган жаштар ойлоонун Батышка мүнөздүү табиятын жогорку деңгээлде шыр эле өздөштүрүп жиберүүсү мүмкүн эмес болчу.

Ырас, роман жанрынын кыргыз адабиятында пайда болуусу XX кылымдын 30-жылдарына туура келсе, мына ошол мезгилден тарта кыргыз жазуучулары тарыхый чындыкты көркөм жалпылоо маселе-

DOI:10.26104/IVK.2019.45



сине тикелей кайрылып, аны өзүнүн дүйнө кабылдоосу менен айкалыштырып көркөм туундуларын жаратышкан. Мына ошол алгачкы роман жанрында жазылган чыгармалардан тарта кыргыз адабиятында тарыхый чындыкты көркөм жалпылоонун тарыхый эволюциясы жашап баштаган. Ал кыргыз турмушуна жаңы келген бийлик адабий чыгармачылыкка өз талабын коюп, "эски турмушту" сындоо менен социалдык чөйрөгө эми-эми байырлаган коммунисттик түзүлүштүн идеяларын элге жайылтуу максатында мурда болуп көрбөгөн чындыкты көркөм жалпылоо проблемасын талап кылган шартка туура келет. Бийлик адабий коомчулуктун маселени алдына койгондон тартып, аны менен кошо сүрөткердин дүйнө кабылдоо аракети тарыхый өнүгүүнү образдуу таанып-билүүнүн түрдүү ык-усулдарында мамиле кылуу жолдорун кыймылга келтиргенин айтпай кетүүгө болбойт. Бирок анын өнүгүүсү тигил же бул чыгармачыл адамдын кыргыз адабиятында орун алган роман жанрына кошкон салымына жараша эмес, ал кадимки эле адабий-теориялык ойлордун, көркөм-эстетикалык кабылдоонун, ар бир калемгердин дүйнө кабылдоосу менен аны көркөм чыгармада берүү чеберчилигинин өсүшү менен тыгыз байланышта адабий процесс аркылуу жүрүп отурганын белгилей кетүүгө тийишпиз.

Буга биринчи кезекте коомдук-саясий өнүгүү турганын жокко чыгара албайбыз. Кыргыз коомчулугуна тарыхый бурулуш жасаган саясий түзүлүш өзүнүн демилгеси менен ошол мезгилде жаңыдан пайда болгон роман жанрында эмнени сүрөттөө ке-ректигин ачыктап, реалдуу турмуштук көрүнүштөр менен бирге тарыхый өнүгүүнү жеке интерпртациясынан өткөрүүгө жол ачкан. Аны адабий-эстетикалык багытта өздөштүрүү жаңыдан калем кармаган кыргыз жаштары үчүн оңойго турган эмес. Мындай көрүнүш улуттук адабиятта болгон андай кубулуштардын эволюциялык жолу бар экенин ырастайт. Ал алгачкы жазуучулардын адабий-теориялык билими менен байланыштуу түшүндүрүлүшү зарыл экендигин, б.а. тарыхый чындыкты көркөм жалпылоонун кийинки баскычына келип жеткенге чейин роман жанрында чагылган окуяларга карап аларды толугу менен тарыхый чыгармалар катары аныктоо аракети кантип жашап келгенине токтолуу зарылдыгын айкындайт. Биз азыр мына ушул проблеманын башын ачып албасак, анда эгемендүүлүктөн кийинки романдарда тарыхый чындык кантип көркөм жалпылаштырууга ээ болгонун жана алардын таяна турган булактары кайдан келип чыкканын илимий-теориялык жактан аныктоо мүмкүн эмес болот.

Кыргыз элине алгачкы романдар катары белгилүү болгон К.Жантөшевдин "Каныбеги", М.Элебаевдин "Узак жолу", Т.Сыдыкбековдун "Кең-Суусу" белгилүү бир тарыхый доордун элесин өз боюна сиңирүү менен автордун ошол тарыхый доорго мүнөздүү болгон чындыкты көркөм жалпылоосу аркылуу ишке ашкан көркөм туунду катары көрүнөт. Маселен, К.Жантөшев "Каныбек" романында орус менен кытай чек ара сала элек доордон тартып, кыргыз жергесине совет бийлиги орногонго чейинки тарыхый доордун элесин көркөм баяндоого аракеттенсе, М.Элебаев "Узак жол" романында кыргыз эли үчүн оор трагедия болуп эсептеле турган 1916-жылдагы кыргыз эли башынан кечирген мүшкүл турмушту, элдин эсинде унутулгус болуп сакталган улуттук боштондук күрөшкө түрткөн кырдаал менен анда карапайым эл кандай түйшүктү башынан өткөргөн реалдуу тарыхый чындыкты көркөм сүрөттөөгө максаттанган. Ал эми Т.Сыдыкбеков "Кең-Суу" романында XX кылым үчүн өтө маанилүү орунда турган совет бийлигинин орношу, андагы өзгөрүүлөрдү элет жериндеги бир айылдын эли кандай кабыл алгандыгы, ал аркылуу кыргыз жергесине жаңыдан орун ала баштаган советтик доор жөнүндөгү тарыхый чындыкты көркөм чыгарманын негизги сюжети катары чагылдырууга, аны адабий-эстетикалык көркөм чыгарманын туундусу катары жалпылаштырууга аракеттенгендиги талашсыз чындык. Баары бир мезгилде, бирине-бири өнөктөш кырдаалда жаралганы менен алардын бута алган тарыхый доору, аны көркөм сүрөттөөгө негиз болгон аңдаштыруу принциптери боюнча да бири-биринен айырмаланып турган жактары да бар. Алардын айырмачылыгы роман жанрына таандык көркөм ой жүгүртүүдө ар бири өз алдынча мамиле кылгандыгы болуп саналат, б.а. ар бири совет бийлигинин саясий-идеологиялык кызыкчылыгын өз чыгармасында чагылдырууга аракет кылганы менен тарыхый чындыкты өзүнүн дүйнө кабылдоо чеберчилигине жараша бергендигинде болуп саналат. А.Эркебаев белгилегендей, бул үч романдын белгилүү бир жалпылыктары болгону менен [1] белгилүү бир жанрда тарыхый чындыкты көркөм чагылдыруу жагынан айырмачылыктарды байкоого болот. Ырас аларда эл башынан өткөргөн тарыхый чындыкты жалпылоо аракети, көлөмдүү көркөм чыгарма жаратууга

DOI:10.26104/IVK.2019.45



карай сүрөткерлик максат бирдей коюлганы менен ошол жанрда тарыхый чындыкты аңдаштыруу чеберчилиги кескин айырмаланып турат.

Ошондуктан роман жанрында чыгарма жазуу аракетин бирдей кароо мүмкүн болсо да, алардын көркөм чыгармачылыкка карата позициясына бир өңүттөн туруп мамиле кылуу туура эмес. Бул эки проблеманы бирдей караганда деле алар өз ара бирикпестен, талдоого алына турган мазмун акырындап өз нугуна карай кетип, кепке алынуучу маселе эки ача жолго түшүп кетери анык. Бирок мына ушул жерде эки проблеманы бир түйүнгө бириктирип турган маселе тургандыгын да жокко чыгарууга болбойт. Ал ар бир сүрөткер тарабынан мыйзамченемдүү кабыл алынуучу адамзат коомунда маанилүү орунга ээ болгон тарыхый доорлорго мүнөздү тарыхый чындыкты кадимки адабий-көркөм, философиялык-эстетикалык багытта кароого аргасыз кылган көркөм чыгарма жаратуу маселеси болуп саналат. Ырас, мындай көрүнүштү бир гана сүрөткердин ички кызыкчылыгы менен гана кароо туура болбойт, анткени аны менен кошо карала турган объективдүү факторлор бар экенин да эске алууга тийишпиз. Алардын башкысы коомдук-саясий түзүлүштүн талаптары болсо, аны менен байланышта турган адабий процесстин өсүш тенденциялары, жазма профессионал адабиятка таандык чыгармачыл адабий өнөрдүн кыргыз жергесине келүүсү, ал өзүнө ылайык жаңы жанрлардын жаралуусун жана калыптануусун талап кылышы, жаңы жанрлардын мазмунунун коомдук-тарыхы түзүлүштүн кызыкчылыктары менен айкашуусу сыяктуу факторлор алгачкы романдарда тарых темасын камтуу кызыкчылыгын жараткандыгы мыйзамченемдүү көрүнүш болуп эсептелүүгө тийиш. Бул жөнүндө өз учурунда философ О.Исмаилов төмөнкүдөй пикирин айткан: “Тарых темасы, тарыхый жанр кыргыз адабиятында таптакыр жаңы көрүнүш эмес. Бул багытта көптөгөн чыгармаларды мисал келтирүүгө болот. Ал түгүл, адабиятчыларыбыздын алгачкы кадамы да тарых темасы менен кошо шилтенгендигин фактылар ачык көрсөтүп олтурат. Маселен, кыргыз элинин 1916-жылдагы катаал турмушунан алынып жазылган К.Баялиновдун “Ажары”, Ж.Турусбековдун “Ажал ордундасы”, М.Элебаевдин “Узак жолу” чыныгы тарыхый жанрга жатпаса да, өз учурунун түсүн реалдуу чагылдырган толук кандуу чыгарма катарында адабий фондубуздан биротоло орун алып калды” [2]. Бир караганда бул көз караш эч кандай талаш-тартыш деле туудурбайт, бирок байкаган кишиге пикирде тарыхый тема менен тарыхый жанрдын ортосундагы айырмачылык бар экендигин толук түшүнө элек кырдаалды туюндурат. Мындай көз караш бир эле О.Исмаиловго таандык эмес, ал ошол мезгилдеги окумуштуулардын көпчүлүгүнө мүнөздүү көрүнүш экендигин М.Түлөкабыловдун төмөнкү сүйлөмдөрүн мисал келтирүү менен далилдейли. Маселен, М.Түлөкабылов “Тарыхый романдын айрым маселелери” аттуу макаласында: “Кыргыз адабиятынын өсүш этаптарында тарыхый роман “Узак жол” менен “Таң алдындадан” соң тээ бир топко дейре көрүнө албаганы белгилүү” [3] деген пикирин айтат. О.Исмаилов менен М.Түлөкабыловдун көз караштарына конкреттүү мисалдар менен токтолуп жатканыбыздын себеби, бул көз караш кантип жана кандай жолдор менен жаралганын аныктоо эмес, кыргыз адабияты менен адабият таануу илиминде профессионал адабиятка мүнөздүү жанрларда кыргыз жазуучулары алгач чыгарма жазууда тарыхый чындыкты көркөм чагылдыруу менен тарыхый чыгарма жазуу аракетин бирдей карагандыгын, бул XX кылымдын 20-30-жылдарына мүнөздүү көрүнүш болгондугун, б. а. дал ушул маселе менен тарыхый теманын ортосуна чек коюп ажыратуу XX кылымдын 70-жылдарынын башына чейин келип жеткендигин ачыкка алып чыгуу болуп саналат. Тагыраак айтканда, тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоого кыргыз адабият таануу илими өзүнүн илимий-теориялык жактан өсүш деңгээлине карай баа бергендиктен, алар адабий процессте пайда болгондон тарта ар түрдүү көз караштарды айтуу менен бирге алардын роман жанрындагы табиятын аныктоого карай бир нече пикир жаралганын жокко чыгара албайбыз. Маселен, М.Элебаевдин “Узак жол” романын “тарыхый роман” дегендей эле кыргыз эли башынан кечирген тарыхый окуяларды чагылдырганына карай Т.Сыдыкбековдун “Кең-Суу”, К.Жантөшевдин “Каныбек” романдарын да ушул өңүттөн кароого аракети кандай болсо, улам кийинки он жылдыктарда роман жанрында көркөм чындыкты интерпретациялоого карай мамиле өзгөрүп, мезгилдин өтүшү, анда жарык көргөн романдардын жанрдык табиятына жараша окумуштуулардын ойлору, илимий-теориялык көз караштары жаңыланып, толукталып жүрүп отурганы байкалат, анын негизинде тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун эволюциясы өз жолун таап, кыймылга ээ болуп баратканын көрөбүз.

Маселен, М.Түлөкабылов тарыхый чындыкты

DOI:10.26104/IVK.2019.45



автордун көркөм интерпретациялоосуна таянып, М.Элебаевдин “Узак жол” романын тарыхый роман десе, О.Исмаилов менен К.Артыкбаев дал ушундай касиетине карап, тарыхый роман А.Токомбаевдин ыр менен жазылган “Кандуу жылдар” романын тарыхый роман катары белгилешет. О.Исмаилов жогоруда аталган макаласында бул жөнүндө төмөнкүдөй пикирин билдирет: Ал эми накта жанрдык белгилери менен көрүнгөн адабиятыбыздагы А.Токомбаевдин “Таӊ алдында” аттуу ыр менен жазылган романы. Сөздү минтип баштаганыбыздын себеби, тарыхый романдын жанрдык белгилерине байланышкан кыргыз адабиятындагы тарыхый романдар тууралу айрым бир пикирлерди ортого сала кетүү ниети турат. Демек, мындай учурда сөз “Таӊ алдында” романынан баштала тургандыгы түшүнүктүү десе” [2], К.Артыкбаев: “бул тажрыйба кийинки адабий муундардын чыгармачылык жоопкерчилиги үчүн күрөшүүлөрүнө үлгү берерлик сабак болот” [4] романдын кийинки оӊдолуп жана толукталып китебинде тарыхый чындыктын көркөм жалпылануусуна токтолот. Жогоруда алынган үзүндүлөр далилдеп тургандай, бул жерде кеп романдын жанрдык табияты, анда жайгашкан мазмун, автордун тарыхый чыгарма жаратууда жетишкен ийгиликтери менен кемчилдиктери жөнүндө болуп жатканы менен тандалып алынган объекти тарыхый чындыкты көркөм жалпылоого тиешелүү маселе экендигин айкындап турат. Эми биз тарабынан айтылган ойдун чоо-жайын түшүндүрүүгө аракет кылсак, кыргыз адабиятында алгачкы үч романдар пайда болгондон бери “Таӊ алдында романы жарыкка чыкканга чейин чейрек кылымга жакын убакыт өтсө да, кыргыз адабият таануу илими адабият таануу илиминде өз алдынча талдоого муктаж болгон “тарыхыйлуулук” (историчность), “историзм” жана “тарыхый роман” деген түшүнүктөргө, алардын терминдик мазмунуна, өз ара бири-биринен айырмаланган табиятына, ар бирин башкалардан бөлүп турган өздүк касиетине баа берип, сапаттык белгилерин көрсөтүп, аныктама бере электигин жокко чыгарууга болбойт. Ырас бул мезгилде кыргыз адабиятчылары роман жанрында кездешүүчү, өз ара ажырагыс катышта турган жогоруда аталган үчөөнүн ортосундагы айырмачылыкты айрып биле албай, тарыхый чындыкты көркөм жалпылоо маселесинен тарыхый жанрдагы чыгарма табууга аракет кылгандыгын эскерте кетели.

Бирок аталган окумуштуулардын көз караштарында биз иликтөөгө алган проблеманын тегерегинде эволюциялык өнүгүү бар экенин айтпай коюуга болбойт. Маселен, М.Түлөкабылов чыгармада орун алган историзмдерге таянып, М.Элебаевдин “Узак жолуна” тарыхый роман деген аныктама берген болсо, К.Артыкбаев менен О.Исмаилов А.Токомбевдин “Таӊ алдында” романында орун алган тарыхыйлуулукка (историчность) таянып бул романды тарыхый романга кошушат. Тарыхый чындыкты интерпретациялоо жагынан историзм менен тарыхыйлуулуктун ортосунда белгилүү бир жалпылык болгону менен бул проблеманы изилдеген окумуштуулар айырмалап биле турган зор өзгөчөлүк бар экенин кездештирүүгө болот. Мисалга алсак, историзм адабият таануу илиминде кеӊири түшүнүккө ээ болуу менен бирге тарыхый же тарыхый эместигине карабастан, бардык чыгармаларда орун алышы мүмкүн экендигин жерде айтпай кетүүгө болбойт. Ал бардык эле чыгармаларда кездешүү менен ошол чыгарманын чындыкка жакын экендигин туюндуруу максатында чыгарманын мазмунун же сюжеттик өнүгүүсүн белгилүү бир реалдуу турмушка байланыштырып, окурмандын ишенимин калыптандыруу үчүн тарыхый окуяларды, ага жакын турган турмуштук көрүнүштөрдү чагылдырып берүүсү мүмкүн. М.Элебаевдин “Узак жолу”, К.Жантөшевдин “Каныбеги”, Т.Сыдыкбековдун “Кеӊ-Суусу” камтыган сюжеттик окуялар ушундай эле мазмунду берет. Мындай историзмдерге таянып, чыгарманын жанрын “тарыхый деп аныктоо” үчүн эч кандай деле адабий-теориялык билимдин кереги жок. Бирок убакыттын өтүшү, кыргыз жазуучуларынын тарыхыйлуулук менен тарыхый романдын маани-мазмунун ажыратып түшүнө баштошту. Ага биринчи себеп Батыштан келген романдын ички касиеттерин, формалык белгилерин, аталган жанрга ээ болуш үчүн сөзсүз керек делген өздүк табиятын илимий-теориялык эмгектер аркылуу окуп-үйрөнүү зарылдыгы түздү. Экинчи жагынан, кыргыз адабиятына кирген ар бир жанрдын профессионалдык адабиятка тиешелүү белгилерин так жана тыкып көрсөтүү менен чыгарма жаратуу бел байлап киришүү дүйнөлүк адабий дөөлөттөргө ээ кылган романдардагы бардык жетишкендиктерди чыгармачылык менен өздөштүрүүгө кыргыздын жаш таланттарын милдеттендирсе, залкарлардын кандай таасир калтыруусуна карай жанрдын мүмкүнчүлүгүн пайдаланышкан. Аны кыргыз адабиятчылары бир топ кырдаалдар менен байланыштырат. Биз алардын башында ошол мезгилдеги коомдук-саясий

DOI:10.26104/IVK.2019.45



абал, б.а. бийликтин жетишкендиктерин көркөм образдуулуктун жардамы менен элге түшүндүрүү иштери биринчи баскычка көтөрүлгөндүктөн, өлкөдө жүргөн жаңыга умтулуу, мурда болгон түшүнүктөргө жаңыча мамиле кылуу алгачкы кыргыз романда жанрдын өздүк табиятын акырындап өздөштүрүүгө жол ачса, башка түшүнүктөр менен тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоону да башка элдерден алган жеке таасирин өз чыгармаларында пайдаланып көрүү кызыкчылыктарын дайыма аткарууга өбөлгө түзгөн. Ал ар бир жазылган чыгармада эле сапаттуу касиетке ээ болуп чыга келбесе да, изденүү эволюциялык өсүшүн көрсөтүп, тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун мазмунга тийгизген кудуретин аныктап турган. Эгер мындай чыгармачылык изденүү болбосо кыргыз романдары дүйнөлүк адабияттагы өзүнүн азыркы бийиктигине жетмек эмес. Андай көркөм бийиктикти багындыруу үчүн кыргыз романдары негизги өсүш жолун дайыма алга умтулган эволюциясы менен гана багындыра алган десек болот.

**Адабияттар:**

1. Эркебаев А. Киргизский роман: истоки, пути становления, поэтика и типология. - Б.: “Полиграф-ресурс”, 2010. - 244-бет.
2. Исмаилов О. Тарыхый жана азыркы учур. // Ала-Тоо, 1972. - №7. - 68-бет.
3. Түлөкабылов М. Тарыхый романдын айрым маселелери. // Ала-Тоо, 1976. - №8. - 54-бет.
4. Артыкбаев К. Изденүүлөр жана табылгалар. - Ф.: Кыргызстан, 1966. - 307-бет.